**КАРАЛДЫ**
**№1 педагогикалык кеңеште**
**30.08.2022**

**БЕКИТЕМИН**
**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин директору**
**__________ Дюшенбаева С.Э.**
**01.09. 2022**

**Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинин**

**предметтик мугалимдердин методикалык күнү жөнүндө жобо**

**Жалпы жобо**

1.1 Педагогикалык кызматкерлердин жамааттык келишиминин негизинде методикалык күн берилет.

2.1 Ал окуу процессине тоскоол болбогондой шартта түзүлөт.

3.1 Методикалык күндүн берилүүнүн максаты-мугалимдин өз билимин өркүндөтүүгө, методикалык ыкмаларын өркүндөтүүгө шарттарды түзүү.

4.1 Методикалык күн-мугалим үчүн кошумча эс алуу күн эмес

2. Методикалык күндүн иштөө тартиби.

1.1Мугалим методикалык күндө өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштейт.

• Мектептин проблемасынын негизинде өзүнүн жеке тематикалык пландаштыруусу менен иштөө;

• Илимий-педагогикалык адабияттар менен таанышуу;

• Өзүнүн предметине жараша дидактикалык материалдарды даярдоо;

• Сабактан сырткаркы иш-чараларга даярдануу;

• Окуучулар менен жекече иштөө планын түзүү;

• Бирикмедеги мугалимдер ортосунда тажрыйба алмашуу.

2.1 Педагогикалык кызматкер мектептин методикалык иштер боюнча директордун орун басарына өзүнүн проблемалык темасын жана анын үстүндө иштелүүчү жакындаштырылып түзүлгөн планын көрсөтөт.

З.Предметтик мугалимдин методикалык күндөгү милдети:

- Методикалык күнгө милдеттуу түрдө келүү;

- Мектеп ичиндеги (сырткаркы) алдын ала уюштурулган бардык иш чараларга катышуу.
- Кокус ооруп калган мугалимдин сабактарын өтүү.
- Классы менен чогуу мектептин дежурствосун аткаруу.

3. Методикалык күндүн иштөө тартибин текшерүү.

Методикалык күндүн иштөө тартибин текшерүү мектептин методикалык иштер боюнча директордун орун басары аткарат.

3.1 Мугалимдин өз билимин өркүндөтүүсүн, чыгармачылык ишин көзөмөлдөйт.

3.2 Өз билимин өркүндөтүү жана проблемалык темалар боюнча жекече сунуштарды берет.

3.3 Теориялык жана практикалык семинарларды уюштурат.

3.4 Мугалимдин предметтик билим деңгээлин, профессионалдык, квалификациялык көрсөткүчтөрүн жыйынтыктап диагностика жүргүзөт.